**Филология жана маданият аралык коммуникация институту**
**эл аралык байланыштар жана академиялык мобилдүүлүк**
**боюнча**

Филология жана маданият аралык коммуникация институту көптөгөн чет өлкөлүк ЖОЖдор жана уюмдар менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө институт өз алдынча бир канча максаттарды коюп иш алып барып жатат.

Факультеттин студенттери да эл аралык программаларга активдүү катышууда. Академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында, Туштук Кореянын Кёнг Сон университети, Испаниянын **Кадис** университети, Орто Азыялык Америка университети (АУЦА), Туркиянын **Болу**, **Чукурова**, **Эдирне**, **Жумхуриет** жана Сивас университеттери, Россиянын **Варонеж**, **Петрозаводск, Оренбург**, **Чуваш** университети, Казакстандын **Гумилев** атындагы Евразиялык улуттук университети, Өзбекстандын **М. Улугбек**, **Низами, Наваи** атындагы улуттук университеттеринде, Фергана, Андижан жана Наманган мамлекеттик университеттеринде студенттер жыл сайын 1 семестрге жана 1 айлык мөөнөттө окуп келишет.





2021-2022- окуу жылынан баштап кош диплом боюнча да иш аракеттер колго алынып, Казакстан Республикасынын **Гумилев** атындагы Евразия Улуттук университетинин филология факультетинин Котормо иши адистиги боюнча биздин институттун Лингвистика багыты боюнча кош дипломдуу программага кол коюлуп, окуу планы иштелип чыгып, азыркы мезгилде Лингвистика багытынын 9 студенты аталган университетте учурда 3-курста билим алууда.






Бул студенттер 2 жыл биздин факультете, 2 жыл Гумилев улуттук университетинин филология факультетинде окуп эки окуу жайдын дипломуна ээ болушат. Ошондой эле окутуучулар жана студенттер Ош декларациясынын

алкагында Кыргызстандын ичиндеги ЖОЖдорго академиялык мобилдүүлүк менен барып тажрыйба алмашып келишет.




Факультетке келген чет өлкөлүк профессорлордун жана тил адистердин да саны аз эмес. Мисалы, Фулбрайт программасы аркылуу чакырылган адистер факультеттин профессорлук-окутуучулук курамына жана студент-магистранттарга тренинг-семинарларды, консультацияларды уюштуруп жардам көрсөтүшөт.




Азыркы жаны 2024-2025 окуу жылында АКШнын Fulbright программасы аркылуу чакырылган англис тили адистери Эрик Розалес жана Милена Джозефтер кызматташууда жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуга семинар трейнингдер байма-бай отуудо.

Азырда 2024-2025 окуу жылында Туштук Кореянын Сейжонг Институтунун 3 профессор окуутучулары Бёнг Кван Пак жана корей тили адисы Сео Гивон жана Хванг Соенг корей тили боюнча сабак берип жатышат, ал эми корей тили адистиги боюнча окуган студенттерибиз Туштук Кореяда академиялык мобилдүүлүк боюнча окуп келүүгө мүмкүнчүлүктөр жаралып жатат.






Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун англис тили окутуучулары Америка Кошмо Штатынын мамлекеттик департаментинин колдоосунун негизинде Кыргыз Республикасы үчүн санариптик доордо билим берүү аттуу окуу долбоорунун алкагында  Америка  кошмо штатында тажрыйба алмашып жатат. Аталган долбоор төмөнкү конкреттүү максаттарды көздөйт:






Билим берүүнүн учурдагы технологиялык тенденцияларына сереп берүү; Тил үйрөнүүгө жана STEMге басым жасоо; Жаңы технологиялар менен иштөө жана технологиянын  артыкчылыктары менен кемчиликтерин баалоо. IVLP программасынын алкагында Американын  төмөнкү штаттарында  Washington, D.C. - Albany, NY,Columbia, Pensacola, FL, Iowa City, IA,Freeport, IL ,New York, практикалык  тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн.

**Эразмус+** программасыны алкагында профессор окутуучуларыбыз Турциянын Сивас университетинде, Польшанын Белосток университеттеринде академиялык мобилдүүлүк боюнча барып тажрыйба алмашып келишти.






Азырда 2024-2025 окуу жылында филология жана маданият аралык коммуникация институтунда 9 чет өлкөлүк мугалим кызмат кылып жатат, чет өлкөлүк студенттер саны 141 студент, анын ичинде 71 КМШ дан этникалык кыргыз студентер, 5 ст. Орусиядан, 15 ст. Таджикистан, 2 ст. Кахастандан жана Өзбекистандан келген, жалпысынан 75 студент англис тили бөлүмүндө окуп жатышат.